КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жыл 22- октябрь № 30

Сокулук айылдык кеңешинин 2019-жылдын 14-мартындагы № 14 жана 2015-жылдын 27-февралындагы № 112 токтомдорун жокко чыгаруу жөнүндө

Сокулук районунун прокуратурасынын 2026-жылдын 15-октябрындагы № Ис26/109-07-11р-26-03814 сандуу каршылык билдирүүсүн карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын «Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Сокулук айылдык кеңеши төктом кылат:

1. Сокулук районунун прокуратурасынын 2026-жылдын 15-октябрындагы № Ис26/109-07-11р-26-03814 сандуу каршылык билдирүүсү канааттандырылсын.

2. Сокулук айылдык кеңешинин 2019-жылдын 14-мартындагы № 14 «Христиандардын көрүстөнүндө жер берүүдө акы төлөнүүнүн бааларын бекитүү жөнүндө» токтому жокко чыгарылсын (күчүн жоготту деп табылсын).

3. Сокулук айылдык кеңешинин 2015-жылдын 27-февралындагы № 112 «Мусулмандар көрүстөнүнө жер берүүдө акы төлөнүүнүн бааларын бекитүү жөнүндө» токтому жокко чыгарылсын (күчүн жоготту деп табылсын).

4. Сокулук айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 17-августундагы № 555 токтому менен бекитилген «Каза болгон жарандарды көмүү жана мүрзөгө коюлуучу курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө» Нускаманын жана тармактык мыйзамдардын талаптарын бекем сактап иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7 Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөт башчынын орун басары Э.Койлубаевке жүктөлсүн.

Төрага **Жумалиев Н.Н**